КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН**
**I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 12- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 13-октябры №72 Оргочор айылы

**Үч- Кошкон айылына беккари чуңкурун жасоо жөнүндө**

Малдын ылаңдарын алдын алуу макксатында жугуштуу оорудан өлгөн малдардын өлүгүн ачык жерге таштабай, беккари чуңкуруна ветеринардык жол менен жок кылуу, көмүү максатында, Ак-Шыйрак, Үч-Кошкон айылдарынын айыл башчысы М.Берикбаевдин ооз эки билдирүүсү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Малдын ылаңдарын алдын алуу максатында жугуштуу оорудан өлгөн малдардын өлүгүн ачык жерге таштабай, беккари чуңкуруна ветеринардык жол менен жок кылуу, көмүү максатында, Ак-Шыйрак, Үч-Кошкон айылдарынын ортосуна беккари чуңкурун жасоого жергиликтүү бюджеттен 2025-жылдын бюджетин бекитүүдө ар бир айыл башчыга деп каралган 800 000 сом акча каражатынын эсебинен 300 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Бөлүнүп берилген акча каражатына беккари чуңкурун жасоого керектүү материалдары алынып, жеткирилип берүүсүн камсыз кылуу айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.

3. Дүйнөлүк азык түлүк программасы менен Үч-Кошкон айылынын таза суу түтүгүн тартууга жана беккари чуңкурун жасоого долбоор менен 32 кишиге 30 литр суумай 6 кап ундан эмгек акысына берилери эске алынсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айыл чарба маселелери жана финансы пландоо бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Тыныбеков**